| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЧҮЙ РАЙОНУ**<br>**БУРАНА**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЧУЙСКИЙ РАЙОН**<br>**БУРАНИНСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |
| Дөң-Арык а. | с.Дон-Арык |

Бурана айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги сессиясынын отуруму

# ТОКТОМ

2023-жыл « 18 » апрель № 20

Бурана айыл аймагында катуу тиричилик калдыктарды ташып чыгарууга тарифтерди бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 6-сентбрындагы ПЖ №305 сандуу «Улуттук тазалык күнү жана 2023-2025-жылдар мезгилине тиричилик калдыктарын иштетүү боюнча натыйжалуу инфраструктура түзүү боюнча иш аракеттер планы жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 токтому менен бекитилген "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктуна ылайык жана Бурана айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 24 мартындагы №1 протоколунун негизинде,Бурана айылдык кеңеши токтом кылат:

# ТОКТОМ

1. Бурана айыл аймагы боюнча катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгууга тарифи киши башына 19 сомдон төлөм бекитилсин жана 18.04.2023-жылдан баштап ишке киргизилсин.
2. Калктын жана юридикалык жактардын арасында катуу тиричилик калдыктарын чогултуп ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн таштандылардын топтоо нормалары тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышы Бурана айыл өкмөтүнүн башчысы Тенис уулу Бакайга милдеттендирилсин.
4. Бурана айылдык кеңешинин 2023-жылдын 18-апрелиндеги №20 токтому Чүй областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика,бюджет,салык жана финансы боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төрага А.Б.Исагалиев

Таркатуу:көктөмө, а/ө башчысы,туруктуу комиссиясы -баардыгы 3 нуска

Бурана айылдык кеңешинин
2023-жылдын 18-апрелиндеги
№ 20 - токтомуна тиркеме

Бурана айыл аймагынын катуу тиричилик калдыктарын чогултуп ташып чыгаруу жана жок кылуу үчүн таштандылардын топтоо нормалары

| № | Аталышы | Топтоо нормалары(кг/ай) | Баасы 1 кг | Тарифи |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жеке адамдар | 12 | 1,6 | 19 сом |
| 2 | Мектеп окуучулары | 6 | 1,6 | 9,6 |
| 3 | Бала-бакча | 4 | 1,6 | 6,4 |
| 4 | Дүкөндөр (м.кв) | 2 | 1,6 | 3,2 |
| 5 | Кафе (м.кв) | 12 | 1,6 | 19,2 |

Бурана айылдык кеңешинин төрагасы А.Б.Исагалиев